“Макулдашылды”
ЖАМУнун Окумуштуулар
кеңеши тарабынан каралды
№ 5 протоколу
« 15 » февраль 2019-ж
Буйрук №________________

«Бекитемин»
ЖАМУнун ректору
т.и.д., профессор К.Ж.Усенов
________________
«____» ____________2019-ж

# ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН «ДЕН СООЛУК» СПОРТТУК БОРБОРУНУН ЖОБОСУ

## I. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. ЖАМУнун алдында түзүлгөн «Ден соолук» спорттук борбору Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан №194 2017-жылдын 31-мартындагы «Региондордо дене тарбия жана спортту өнүктүрүү» мыйзамынын негизинде түзүлүп, дене тарбия жана спорттук иш - чараларын жүргүзүү максатында университеттин чегинде өзүнчө структуралык бөлүм катары кызмат аткарат;

1.2. «Ден соолук» спорттук борбору дал ушул жобонун негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын укуктук нормативдик актыларынын жана ЖАМУнун Уставынын негизинде иш алып барат. Жобо 4 бөлүмдөн, 18 пункттан турат;

1.3 «Ден соолук» спорттук борбору курамы жана каржылоо фондусу ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып ректордун буйругу менен бекитилет;

1.4. «Ден соолук» спорттук борбору коммерциялык эмес мекеме;

1.5. «Ден соолук» спорттук борбору өз алдынча дене тарбия кыймылынын негизин түзүүчүлөр дене тарбиялык жамаат болуп эсептелет. Бул жамааттар окуу жайында түзүлүп, окуудан сырткаркы дене тарбиялык жана спорттук массалык иштерди б.а. студенттерди, аспиранттарды, профессордук-окутуучулар жамаатын, университеттин кызматкерлерин, спорттук массалык иш-чаралар менен камсыз кылат жана кызмат көрсөтүп тейлейт.

1.6. «Ден соолук» спорт борбору дене тарбия жана спортту окуу жайда кенен жайылтууга көмөктөшүү менен аны өнүктүрүү багытында өз жумушун университеттин ректораты, факультеттердин деканаттары, колледждердин дирекциясы, профсоюздук уюму, студенттик жаштар комитети, «Дене тарбия жана спорт» кафедрасы менен тыгыз байланышта иш алып барат.

1.7. Борборго керектелүүчү спорттук шаймандар жана спорттук иш-чараларга керектелүүчү каражаттар жана башка каржылык маселелер университеттин атайын каражатынын жана университеттин кесиптик кошунунун каражатынын эсебинен каржыланат.

## II. ЖАМУНУН «ДЕН СООЛУК» СПОРТТУК БОРБОРУНУН ИШ БАГЫТТАРЫ ТҮЗҮМҮ, ИШИН УЮШТУРУУ ЖАНА БАШКАРУУ

2.1. «Ден соолук» спорттук борбору өз ичине бир нече багыттарды камтыйт, иш багыттары төмөнкүлөр:

- Университетте жогорку билимдүү адистерди даярдоо менен билим алууда, чыгармачыл эмгектенүүдө дене тарбия жана спорттун жардамы аркылуу жогорку көрсөткүчтөргө жетишүүгө, ошондой эле ден-соолукту чыңдоо менен сергек жашоого, эрктүүлүккө, чыдамкайлыкка ар тараптуу тарбиялоого көмөктөшүү.

- Университеттин дене тарбия жана спорт багытындагы студенттеринин жана жалпы жамаатынын ар тараптуу кызыкчылыгын канааттандырууга ыңгайлуу шарттарды түзүү;
- Студенттик мелдештерди уюштуруу системасын өркүндөтүү;
- Дене тарбия жана спорт чөйрөсүнүн инфраструктурасын өркүндөтүү (спорттук курулмалар, борборлор, лагерлер, профилакториялар ж.б.);
- Эл аралык, мамлекеттик, коомдук уюмдарда Студенттик спортту кызыкчылыгын коргоо менен аны көрсөтө билүү. Жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр менен биргеликте студенттик спорттун өнүгүүсүнө көмөктөшүү;
- Шаардык, областтык, республикалык жогорку окуу жайлар аралык уюштурулган спорттук мелдештерге активдүү катышуу жана спорт багытында студенттик башкарууну өркүндөтүү.

2.2. «Ден соолук» спорттук борборунун ишмердүүлүгү жобого ылайык иш-пландын негизинде жүрөт жана университеттин мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректорунун координациясында болот.

2.4. <u>«Ден соолук» спорттук борборун башкаруу:</u>

1) Директор аркылуу башкарылат;
2) Дене тарбия кафедраларынын башчылары;
3) Машыктыруучулар:
   - Грек-Рим күрөшү боюнч;
   - Эркин күрөшү боюнча;
   - Улуттук күрөшү боюнча;
   - Шахмат боюнча;
   - Тогуз коргоол боюнча;
   - Ордо боюнча;
   - Жеңил атлетика боюнча;
   - Бокс боюнча;
   - Волейбол боюнча;
   - Баскетбол боюнча;
   - Кичи футбол боюнча;
   - Сууда сүзүү боюнча;
   - Стол үстүндөгү теннис боюнча;
   - Каратэ-До боюнча.

2.5. <u>«Ден соолук» спорт борборунун мүчөлөрү болуп университеттин:</u>

- ✓ окуунун күндүзгү жана сырткы формасында окуган студенттери;
- ✓ магистранттары;
- ✓ аспиранттары;
- ✓ профессордук-окутуучулар курамы;
- ✓ кызматкерлери.

## III. «ДЕН СООЛУК» СПОРТТУК БОРБОРУНУН ЖАЙГАШКАН ЖЕРИ ЖАНА ИШ АРАКЕТТЕРИНИН МӨӨНӨТҮ

3.1. Юридикалыкдареги: 715600, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү 57. ЖАМУ, башкы корпус;

3.2. «Ден соолук» спорттук борбору окуу жайдын чегинде мамлекеттик дене тарбия жана спорттук иш чараларын жүргүзүүчү өзүнчө структура болуп эсептелет. Ал ЖАМУнун герби түшүрүлгөн расмий бланкын, мөөрүн, штампын колдонууга укуктуу;

3.3. «Ден соолук» спорттук борборунун иштөө мөөнөтү чектелбейт;

3.4. «Ден соолук» спорттук борборунун директору (МТ жана СИ боюнча проректорунун сунушу менен) ректордун буйругу менен дайындалат жана жумуштан бошотулат.

## IV. «ДЕН СООЛУК» СПОРТТУК БОРБОРУНУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ДИРЕКТОРУНУН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

4.1. <u>«Ден соолук» спорттук борборунун директорунун укуктары жана милдеттери:</u>

- Директор спорттук борборунун жалпы ишмердүүлүгүн жетектейт;
- Борборго жүктөлгөн милдеттердин жана тапшырмалардын аткарылышын директор координациялайт жана жооп берет. Борбордун иш-пландарын, жоболорун, отчет-маалыматтарды, ж.б. иш кагаздарын даярдайт жана бекиттирет;
- Борбордун структурасын иштеп чыгат жана кырдаалга карата өзгөртүүлөрдү киргизүүнү МТ жана СИ боюнча проректорунменен макулдашып, университеттин Окумуштуулар кеңешине сунуштайт;
- Борбордун структуралык жетекчилери (дене тарбия кафедра башчылары, машыктыруучулары, спорт сектор башчылары) борбордун жобосуна ылайык иштелип чыккан функциялык милдеттери жана укуктары жөнүндөгү жобонун негизинде иш алып барышат;
- Борбордун спорт секция машыктыруучуларын (башчыларын) кызматка дайындоону, мыйзам чегинде дисциплиналык жоопкерчиликке тартууну жана кызматынан бошотууну ректорго сунуштайт;
- Өзүнүн компетенциясынын чегинде борбордун актив-мүчөлөрүнө тапшырмаларды, инструкцияларды жана көрсөтмөлөрдү берет;
- Борбордун спорттук мүлкүн сатып алууну, белгиленген тартипте борбордун мүчөлөрүнө аларды пайдаланууга берүүнү көзөмөлдөйт;
- Университеттин спорттук базаларын пайдаланууну көзөмөлдөйт. Окуу жайга пайда алып келүүчү аренда келишимдерин түзөт;
- Бөлүнгөн акча каражаттарын иш-планга ылайык жана комитетке жүктөлгөн милдеттерди аткарууда жумшай алат (смета боюнча иш алып барат);
- Спорттук массалык мелдештерди, спартакиадаларды, универсиадаларды, окуу-машыгуу жыйындарын уюштуруп өткөрөт;
- Өтүлүүчү спорттук иш-чаралардын жоболорун, иш пландарын, программаларын даярдап бекиттирет, жыйынтыгын университеттин сайтына жүктөө үчүн маалымат берет;
- Спорттун түрлөрү боюнча курама командалардын жана жеке спортсмендердин мелдештерге катышуусун координациялайт (университеттин жетекчилигинин уруксаты менен);
- Спорттогу жетишкендиктеринин натыйжасын эске алуу менен секция машыктыруучуларын жана спортсмендерди сыйлыктарга белгиленген тартипте сунуштама, тартип бузуулар болсо административдикчара колдонууга билдирүү бере алат.

4.2. <u>«Ден соолук» спорттук борборунун машыктыруучуларынын укуктары жана милдеттери:</u>

- «Ден соолук» спорттук борборунун машыктыруучусу дал ушул жобонун негизинде жана борбордун директорунун жетекчилиги астында иш алып барат;
- Университеттин ички тартип боюнча эрежелерин, этикалык кодексин, спорттук жана педагогикалык этиканы сактайт;
- Спорттук секциясынын түрүнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен туруктуу иш планын, иш графигин түзүүгө жана бекиттирүүгө, аткарылган иштер боюнча отчетун жазууга жана маалымдайт;
- Секциясындагы машыгуучуларды каттоого алган, иш графиги боюнча машыгууларды белгилөө жүргүзөн журнал ачып иш жүргүзөт;
- Ар бир машугуучуга өзүнчө дело ачып, анын өздүгүн далилдеген документтеринин көчүрмөсүн (паспортунун же күбөлүгүнүнүн, студенттик билетинин көчүрмөлөрүн),

ата-энелеринин секцияларга катышуусу боюнча макулдугун, алыскы спорттук иш-чараларга чыгуусуна уруксатын, медициналык кароодон өткөрүлгөн тактамаларын, техникалык коопсуздукту сактоо эрежелери менен таанышкандыгы жөнүндө кол коюлган документти ошол делого тиркейт;

- Машгууларды үзгүлтүккө учуратпай убагында өтүүгө жана ийгиликтүү жыйынтык жаратууга умтулат;
- Студенттердин, айрыкча биринчи курстун студенттеринин арасынан шыктуу студенттерди секциясына тартуу иш-чараларын такай жүргүзүп турат;
- Машыгуучу жайларды (спорттук залдарды, бөлмөлөрдү, аянттарды, ж.б.) таза кармоого, спорттук буюмдарды колдонуп болгондон соң кайра ордуна коёт жана аны асырап сактайт;
- Спорттук, маданий-массалык мелдештерди, спартакиадаларды, универсиадаларды, окуу-машыгуу жыйындарын уюштуруп өткөрүүгө катыша алат жана көмөктөшөт;
- Материалдык баалуулуктарды, тиешелүү спорттук буюмдарды колдоно алат;
- Секциясында машыгып жаткан студентти, жөндөмдөрүнө жана жетишкендиктерине карата сыйлыктарга көрсөтөт, ошол эле учурда талаптарды аткарбаган студентти секциядан чыгарат;

4.3. <u>«Ден соолук» спорттук борборунун мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери:</u>

- ✓ Тандап алган спорттун түрү боюнча машыктыруучунун ишке болгон талаптарын аткарат, машыгууларды үзгүлтүккө учуратпайт, тартипти жана тазалыкты сактайт;
- ✓ Чеберчилигин өркүндөтөт жана ийгиликтүү жыйынтык жаратат;
- ✓ Борбордун жыйындарында жана конференцияларына, иш-чараларына катышат;
- ✓ Мелдештерде өзүнүн клубунун атынан катышат;
- ✓ Борборго таандык спорттук материалдык баалуулуктарды жана буюмдарды пайдалана алат.

Түзгөндөр: Доранова А.Д.
Абдурахимов Н.